КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
ЛЕНИН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ЛЕНИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ

2023-жыл 02 июнь № 126/30-XXVIII Ленин а.

## Жер участогун которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 2021-жылдын 123-октябрындагы мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык, ошондой эле жер-агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы К. Кымыналиевдин корутундусун жана Ленин айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча адиси А. Т. Джаркинбаевдин кайрылуусун угуп жана карап чыгып, Ленин айылында жайгашкан №718 контурундагы 0,14 га өлчөмүндөгү жер участогун "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына трансформациялоо жөнүндө, Ленин айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ленин айылында жайгашкан 0,14 га өлчөмүндөгү №718 контурундагы жер участогун "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
2. Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясына 0,14 га өлчөмүндөгү №718 контурундагы жер участогун "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштун жерлери" категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө өтүнүч кат берилсин жана бул токтомду мыйзамда белгиленген тартипте бекитсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ленин айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

Ленин айылдык
кеңешинин төрагасы Ш.А. Турсунбаев